**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**Кеңешинин отурумунун**
**№2 ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 31-майы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:**Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В.А., Абдыкаарова Т., ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Стейкхолдерлер менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы.
2. Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары.
3. Ар түрдүү маселелер.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы тактап, анын ичинен эки мүчөсү келбегендигин айтып, Манашов М.Э. себептүү, Шамшиев Н.А. себепсиз калгандыгын билдирип, окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 11;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

**1. Стейкхолдерлер менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О Стейкхолдерлер менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы жөнүндө баяндама жасады.

Мында 2017-2021 жылдар аралыгында бүтүрүүчүлөр менен иш алып баруунун абалы, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу, адстиги боюнча жумушка орношуу , ошондой эле 2021-жылга карата Кыргыз –Кытай факультетиндеги жумуш берүүчүлөрдүн тизмеси жана практика өтүлүүчү мекемелери жөнүндө кеңири тааныштырды. Андан сырткары 2021-2022-окуу жылына карата потенциалдуу жумуш берүүчүлөр менен келишим түзүү, буга чейинки жумуш берүүчүлөр менен байланышты чыңдоо, студенттердин практика базаларын кеңейтүү, 2021-жылдын октябрь айында 532300 “ Кытай таануу” 530011 “Лингвистика” программаларынын жумуш берүүчүлөрү менен жолугушу ушул ар түрдү маселелер боюнча өзүнүн сунуштарын айтып өттү. Айтылган сунуштар жөнүндө Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштар каралсын деп добушка койду.

Макул – 11;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштар каралсын деп бекитилди.

2. **Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О Практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары боюнча баяндама жасады.

Баяндаманын негизинде 2020-2021-окуу жылындагы өткөрүлгөн окуу, өндүрүштүк жана профилдик практикалардын абалы, **көйгөйлөрү жана перспективалары** жөнүндө айтып өттү. **Ошондой эле** 2021-2022-окуу жылындагы өтүүлүчү: окуу, өндүрүштүк жана профилдик практикалардын качан, кайда, канча убакытка чейин болоору жөнүндө маалымат берүүнү жана күндөлүк жасоо маелелерин 2021-2022-окуу жылынын октябрь айындагы Окумуштуулар кеңешине баяндама жасалсын деп сунушталды. . Бул маселелер Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынды.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштар аткарылсын деп добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуштар аткарылсын деп бекитилди.

**3. Ар түрдүү маселелер:**

**1.** Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир. 2020-2021-окуу жылынынбүтүрүүчү курстарнын акыркы сессиясы толугу менен буткөндүгүн ошондой эле бакалвр 1-2-3- курстардын жана орто кесиптик билим берүү циклынын “Котормо ишинин” жайкы сессиясын башталып жаткандыгын баса белгилеп айтып өттү.

**2.** 2020-2021-окуу жылынын келишим акы төлөмү солгундап жатканын баса белгилеп ар бир тайпанын жетекчиси көзөмөлгө алуусун сунуштады.

3. Ар бир предметтик мугалимдерди тайпалык журналдарды толугу менен толтурусун белгилеп кетти.

Үч маселе боюнча тең ОКнин жалпы курамы декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басарын бир добуштан толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2020-2021-окуу жылына карата стейкхолдерлер менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы тууралу маселелер талкууланды деп эсептелсин, жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана берилген сунуштар аткарылсын.
2. 2020-2021-окуу жылындагы практикалардын уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары талкууланды деп эсептелсин,

3. 2021-2022-окуу жылына карата практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө 2021-2022-окуу жылынын октябрь айындагы Окумуштуулар Кеңешине баяндама жасалсын деп табылсын жана берилген сунуштар аткарылсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**